**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**САЙДЫКУМ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**САЙДЫКУМСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезексиз XVII сессиясы №1**

**14-сентябрь 2026-жыл** **Кызыл-Ай айылы**

## Базар-Коргон райондук прокуратуранын талабы боюнча жер тилкелерин, Сайдыкум айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчиктин реестрине кабыл алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-марты №37 Мыйзамынын 2025-жылдын 31-июлундагы №183 мыйзамдарынын редакцияларына ылайык, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын Жобосуна негиз, Сайдыкум айыл аймагынын Кызыл-Ай айылындагы С.Досов көчөсү дарегинде жайгашкан 1000,0 чарчы метр жана Тойчубек Чек айылындагы Ө.Атабекова көчөсү дарегинде жайгашкан 460,0 чарчы метр жер тилкелерин, Базар-Коргон райондук прокуратурасынын 2026-жылдын 3-августундагы талабына ылайык,Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д.Матисаковдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Сайдыкум айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сайдыкум айыл аймагынын Кызыл-Ай айылындагы С.Досов көчөсү дарегинде жайгашкан 1000,0 чарчы метр жана Тойчубек-Чек айылындагы Ө.Атабекова көчөсү дарегинде жайгашкан 460,0 чарчы метр жер тилкелери, Сайдыкум айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинин реестрине кабыл алынсын.

2. Айыл өкмөттүн муниципалдык менчигинин реестрине кабыл алынган 1000,0 чарчы метр жана 460,0 чарчы метр жер тилкелерин мамлекеттик каттоодон өткөрүү жана кадастрдык пландарын алуу жагы, Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д.Матисаковго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сайдыкум айылдык кеңешинин өнөр-жай, курулуш, транспорт, агрардык жана азык-түлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Б.А. Анарбаев**